**УДК:821:82.31 (575.2) (04)**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-702-709**

**Байгазиев С.**
филология илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Сабитова Э.С.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Кыдыкбаева К.С.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ – АК КАЛПАК КЫРГЫЗДЫН ЖАНА АДАМЗАТТЫН ДААНЫШМАНЫ

**Аннотация:** Ч. Айтматов өзүнүн пикирлештери менен бирге “биз жаңы доордун жаңы идеяларын, жаңы гуманисттик аң сезимин Батыш менен Чыгышка, дүйнөнүн бардык калайык-калктарына гөтөрүп алып бараткан караванбыз**”** деп жар салганы дүйнөлүк коомчулуктун акыл-эсинде. Ч. Айтматовдун жаңы идея дегени-эскиметодтордун жана механиздердин, көнүмүш догмалардын, саясий - аскердик жарышуунун, конфронтациялардын, майда кыжы-кужунун алкактарынан чыгып, дүйнөлүк жалпы коркунучтардын алдында биригүүнүн, өз ара кол кармашуунун, жаңы планетардык ойломдун негизинде кызматташуунун идеясы болучу, адамзаттын, жердин, космостун тутумдаштыгы жөнүндөгү аалам идеясы болчу. Мына ушундай ишениминен улам Ч.Айтматов 1975- жылы “Союз”, “Аполлон” кораблдери космостон жалгашканда, “бул окуяны-адамзат духунун кубаттуу күчү бири бирине талкалоочу эмес, түзүүчү максатка багытталгандыгынын бир жарк эткен көрүнүшү”,-деп Нью-Йорк телевидениесинен сүйлөп, чын жүрөгүнөн кубанган.

**Негизги сөздөр:** Ч. Айтматов, чыгарма, планета, адабият, эпос

**Байгазиев С.**
доктор филологических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Сабитова Э.С.**
кандидат филологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Кыдыкбаева К.С.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ – МУДРЕЦ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА И ЧЕЛОВЕЧЕСТВА

**Аннотация:** Ч. Айтматов вместе со своими единомышленниками заявил, что «мы — караван, несущий новые идеи новой эпохи, новое гуманистическое сознание на Запад и Восток, ко всем народам мира». Ч. Айтматова Новая идея— это идея выйти из старых методов и механизмов, привычных догм, военно-политической конкуренции, конфронтации и мелких интриг, объединиться перед лицом общих мировых угроз, взяться за руки, сотрудничать на основой новой планетарной мысли, человечества, Земли, Космоса. Это была универсальная идея согласованности. В силу этого убеждения Ч. Айтматов говорил, что в 1975 году, когда из космоса соединились космические корабли «Союз» и «Аполлон», «это событие было ярким проявлением могучей силы человеческого духа, направленной к цели созидания, а не уничтожения друг друга», выступая по нью-йоркскому телевидению, который был счастлив от всего сердца.

**Ключевые слова:** Ч. Айтматов, произведение, планета, литература, эпос

**Baygaziev S.**
Doctor of Phylology Sciences, professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Sabitova E.S.**
Candidate of Philology Sciences, associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Kydykbaeva K.S.**
senior teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## CHYNGYZ AYTMATOV – SAGE OF THE KYRGYZ PEOPLE AND HUMANITY

**Annotation:** Ch. Aitmatov, together with his like-minded people, declared that “we are a caravan bringing new ideas of a new era, a new humanistic consciousness to the West and East, to all the peoples of the world.” Ch. Aitmatova A new idea is an idea to get out of old methods and mechanisms, habitual dogmas, military-political competition, confrontation and petty intrigues, to unite in the face of common world threats, to join hands, to cooperate on the basis of a new planetary thought, humanity, Earth, and Space. This was the universal idea of consistency. Because of this conviction, Ch. Aitmatov said that in 1975, when the Soyuz and Apollo spacecraft connected from space, “this event was a vivid manifestation of the mighty power of the human spirit, aimed at the goal of creation, and not destruction of each other”, speaking on New York television, who was happy from the bottom of his heart.

**Keywords**: Ch. Aitmatov, chigarma, planet, adabiyat, epic

Дүйнөдөгү демографиялык “ташкын”, жер ресурстарынын азайып баратышы, экономикалык проблемалардын глобалдашуусу, ядролук согуштун коркунучу, экологиялык кыямат, эл аралык терроризм, экстремизм кесепеттери, климаттын өзгөрүшү калктардын, мамлекеттердин планетардык союзун талап кылып жаткандыгын жар салып, дүйнөнү бир

бүтүн нерсе катары карай билүүнү, жер планетасынан башка жер жок экендигин, бүт адамзат бир кайыкта бараткандыгын, улуттук мүдөөлөрдү жалпы адамзаттын максат – кызыкчылыктары менен тогоштура билүүнү Борбордук Азиядан биринчилерден болуп айтып, үгүттөп чыккан Айтматов болбоду беле. "Көкөтөйдүн ашына" төгөрөктүн төрт бурчунан эл келген сыяктуу, түркүн континеттердин интеллектуалдары жалпы адамзат проблемаларын талкулоо үчүн Айтматовдун демилгеси менен Ысык-Көл форумуна чогулушу кыргыз уулунун ырасында эле, бүткүл жер жүзү үчүн чын жүрөгүнөн күйгөн планетардык адам экендигин айкындаган. Ошон үчүн чет өлкөлөрдүн интеллектуалдары "Адамзаттын Айтматову", "Планетанын гражданини", "Айтматовдун космоформуласы", "Ааламдын адамы", деген аныктамаларды берип отурат. Чыгармалары жер шарындагы бардык континенттердин негизги ондогон тилдерине которулган Ч. Айтматовдун планетардык кең кулачтуулугу жөнүндө көрүнүктүү Айтматов таануучу, академик Абдылдажан Акматалиев мындай деп жазат: **"Айтматов – аалам аралаган улуу инсан. Ал жазуучу гана эмес, чоң философ, чоң окумуштуу, чоң гуманист. Чыңгыз Айтматов нечен миң жылдык чексиздиктерге уланчу карт тарыхтын барагына өкүмү күчтүү Мезгил атынан XX кылымдын көрүнүктүү зор инсаны катары жазылып калчу сыймыктуу ысымдардан. Бир эле 90 жылдык маарекесин эстесек, жыл бою Чыңгыз Айтматовдун аты төгөрөктүн төрт бурчунда жаңырып турду. Алсак, Япония менен Кытайда, Америка менен Россияда, Белоруссия менен Украинада, Казакстан менен Өзбекстанда, Азербайжан менен Европа өлкөлөрүндө... Анан ушуларды угуп, көрүп кантип кубанбай, сүйүнбөй, таасирленбей коё аласың?! ... Анкарадагы Кечирөөн районунда эле мааракe учурунда 250 000 миң студент Айтматовду окушуп, ар түрдүү конкурстарды өткөрүшүптүр"**[2, 71-бет)]. А. Акматалиевдин бул сөздөрү Ч. Айтматовдун ааламдык масштабын дагы да тастыктап турат.

Ч.Айтматов дүйнөдө жашап келе жаткан маданияттарды, цивилизацияларды, континенттерди бири-бирине каршы койгон, бир жактуу кыймылы бар көчөгө окшогон ар кандай «фундаментализм», «Востокоцентризм», «Европоцентризм» деген сыяктуу түркүн «измдерден» оолак турган жазуучу. Ч.Айтматовдун жүрөгү дүйнөгө ачык. Ал ар кандай "измдерден" жогору көтөрүлүп чыккан. Дегеле, жакшылап үңүлүп көрсөк, түпкүлүгүндө бир калктын маданияты экинчи бир калктын маданиятына каршы келбейт. Адам кайсы гана жерде, континентте, аралда жашабасын бардык жерде адам. **"Тиричилик, адамдар, шарттар алмашат – дейт Ч.Айтматов – а адам руху калат. Өмүр – өлүм маселеси калат".** Жазуучунун ушул оюнун логикасын уласак, дегеле адамдын жаратылышы негизинен бир. Биз бардыгыбыз адам балдарыбыз. Адамзаттын маданий өнүгүшү көп түрдүү болгону менен ал көп түрдүүлүктүн түпкү насили бир. Дүйнөнүн маданий полифониялуулугу бирдиктүү адам жаратылышынын ар түркүн кырларынын көрүнүшү. Чын-чынында, бири-бирине карама-каршы турган Батыш жана Чыгыш деген деле жок. Болгону, Адам ата тукумдарынын маданияты плюралистүү, дүйнөлүк бир түпкү өзөктөн чачырап чыккан түркүн бутактар бар. Демек, дүйнөдөгү маданияттардын кызматташтыгынын, алгоолошууларынын жана өз ара баюуларынын жактоочусу болуу толук логикалуу. Чыңгыз абабыз өзүнүн маэктеринде философ Шопенгаурдин **"Бардык адамдар – мен, мен-бардык адамдар"** деген сөзүн бекеринен кайталап айтчу эмес. Айтматовдун интернационалдык философиясы ушундай теорияга негизделген дегибиз келет.

Ч.Айтматовдун ички рухий жаратылышынын интернационалдуулугун белгилеп, Расул Гамзатовдун "Чынгыз Айтматов – бул жарым жартылай европалык, жарым жартылай Азиат"

деп айткан сөзү бар. Ч.Айтматов Р.Гамзатовдун сөзүнүн "тигиниси да, мунусу да мен үчүн туура келет," деп бир кезде сырын айткан эле. Чынында эле, Ч.Айтматов Европанын да, Азиянын да адамы, тагыраак айтканда, универсалдуу, глобалдуу инсан. Бирок тамыры Ала-Тоодо, Таласта, Шекерде.

Ч.Айтматов адамзат цивилизациясынын алгалоосуна, илимий-техникалык прогрессине, материалдык жетишкендиктерине кубанган. Бирок ал ушул прогресстин жер жүзүндөгү моралдык кризис менен коштолгонуна, материалдык –техникалык, экономикалык өнүгүүдөн адамзаттын духовный өнүгүүсү артта калып жатканына тынчсызданган. Коом жетишкендиктердин, жеңиштердин эйфориясында турганда, Ч.Айтматов акылмандарчасынан алды жака кайгуул салып, мындай «салтанаттуу жүрүштүн» арты кандай болорлугун, кандай кооптуу натыйжаларга алып келерлигин сезип турган: **«Биз азыр мурда болуп көрбөгөндөй социалдык, маданий жана техникалык революциялардын доорунда жашап жатабыз. Адам эч качан азыркыдай таң каларлык өзгөрүүлөрдү башынана өткөргөн эмес, адамзаттын алдында эч качан өнүгүүнүн азыркыдай перспективасы, ошону менен эле бирге, анын жашоосуна азыркыдай коркунуч туулган эмес».** (Ч.Айтматов). Ойчул художник адамдын жашоосуна карата пайда болгон көп коркунучтарды көрө алган. Бирок жазуучу –гуманист катары биринчи иретте, ал белгилеген коркунуч мына бул эле. Бул биздин рухий жашообузга туулган коркунуч:

**- Адамдын материалдык-экономикалык кызыкчылыктардын артынан кубалап, байлыктын, бийликтин, буюмдун кулуна айланып жатышы;**

**- Нравалык чен-өлчөмдөрдүн мокошу;**

**-Адам жамаатында эгоизмдин, жаланып – жуктанган прагматизмдин, турмушка, кишиге, табиятка технократиялык, коммерциялык - бухгалтериялык мамиленин күч алышы;**

**- Адамдан адамдын жоголуп баратышы (дүйнөдөгү мындай тенденциянын шойкому а түгүл алыскы элеттеги Шекерди да чарпый кеткендигин жазуучу айылда «кайрымдуулук, бири-бири үчүн күйүмдүүлүк, тилектештик сыяктуу сапаттар азайды» деген сөздөрү менен туюндурган), ж.б.**

Ч.Айтматов өзүнүн публицистикасы, чыгармаларынын образдары аркылуу, бийик трибуналардан сүйлөгөн сөздөрү аркылуу адамдын жан дүйнөсүнүн жакырланышы, жеке кызыкчылыктардын, осол материализмдин, алкын ачкан нысапсыздыктын, ачкөздүктүн араандары, мен дүйнөнүн борборумун деген антропоцентристтик менменсинген амбициялар ("Кыямат" романындагы вертолет менен бөкөндөрдү кырып жаткан Обер Кандаловту эске түшүрөлү) – булар жер жүзүн каптаган орток коркунучтар экендигин, адамдын рухтан ажырап жашоосунан ашкан жамандык бу жарыкчылыкта жок экендигин түшүндүрүп, жалпы адамзатка коңгуроо кагып, мындай илдетке жалпы кол кармашып каршы күрөшүүнү үнү кардыкканча кыйкырып жар салган [3, 112].

Ч.Айтматов моралдык маданиятты, рухту, дилди сактап калууга, уят, ар намыс, ыйман, жоопкерчилик категорияларын борборго койбогон коом адам коому катары санала албастыгын, **«бүткүл маңыз, ишенич-үмүт адамдын акыл-эсинде, жан дүйнөсүндө, гуманистчил насилинде»** экендигин кайра, кайра айтып, 21-кылымда нравалык жаңы аң-сезимге ээ болуп, ыйманы таза, аруу адам болуп кайрадан жаралууга жалпы адамзатты чакырган. Ал эми адабияттын миссиясын ал адам рухунун бийиктиктерине канат сермеген, ички чыңалууга ширелген рухий изденүүдө турган, күн сайын адам болууга умтулган каармандарды көрсөтүүдөн көргөн. Ошондой миссияны художник катары өзү жогорку

чеберчиликте аткарды. Бүгүнкү **«интеллектуалдын милдети – деген Айтматов,- адам табиятындагы руханий башталышты сактап калууда турат».**

Жазуучунун “Деңиз бойлоп жорткон Ала Дөбөт” повестин эске түшүрөлү. Нивхи элин бага турган жаш Кирииск тирүү калып, жээкке, эл жерге аман-эсен жетсин деп өзү иче турган акыркы тамчы сууну балага калтырып, өз эрки менен деңизге чөгүп кеткен Орган карыянын жосуну эмне деген адамдык улуулук. Башкалардын келечеги,тирүүлүгү, жакшылыгы үчүн өз жанын кыюуга баруу не деген ажайып көрүнүш, не деген жан дүйнө эрдиги. Сынчы К.Асаналиев айткандай,бул **“адамдын табият алдындагы улуулугу, жеңилбестиги, түбөлүктүүлүгү”**. Ч.Айтматов адам баласындагы дал ушундай адамдык улуу касиеттерди, ички рухий жана акыл – эс сулуулугун, жан дүйнө асылдыгын, инсанаттагы рух бийиктиктерин сактап калууну, өнүктүрүүнү мүдөө кылган жана муну адамзатка насыйкаттаган. “Манас” эпосунда айкөл Манас баатыр да “калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин” дейт эмеспи.А чынында эле, Манас Ата кыргыз элинин эркиндиги үчүн кара башын курман чалбады беле. Ч.Айтматовдун ишениминде, дагы айталы, рухий- ыймандык аруу асылдыктарга негизделген коом гана адам деген бийик атка жарашкан коом боло алат. **“Кандай гана коом болбосун, эмне гана деп аталбасын, эгер ал рухтун чыныгы эркиндигине негиз түзүп бере албаса, демек, андан эч кандай майнап чыкпайт**”[1, 73].Бүгүнкү заманда моралдык кризис күчөп турганда Ч.Айтматовдун ушул нравалык философиясынын нугунда активдүү ойлонушубуз жана аракеттенишибиз зарыл.

Ч.Айтматовдун «ириде элиңди, өлкөңдү ойлойсуң, анан барып жалпы дүйнө тууралуу акыл калчайсың» - деген сөзү да эске түшөт. Ч.Айтматов өзүнүн күн-түн тынбаган интеллектуалдык күч- аракети менен космостук бийиктикке көтөрүлүп, жалпы дүйнө тууралуу тынымсыз акыл калчап турган. **«Адам баласынын бирдиктүүлүгү баарысынан өйдө. Мен ушул багытты көздөгөн кишимин»** - деп түшүндүргөн даанышман жазуучу.

Улуу Манас атабыз тереңинде өзүн жалаң эле кыргыздын эмес, боордош түрк журттарынын уулумун деп да эсептейт. Казак менен кыпчактын намысы – кыргыздын да намысы деп ойлойт. Ошол үчүн алардын тагдыры жөнүндө дайым башын жерге салып, акыл тегеретип, ичинен убайым жеп:

**Түтөгөн калмак кыргызды,**
**Түк койбой кырса нетебиз?**
**Казакка араан салбайбы,**
**АкыреттеМанаска,**
**Кайгысы түшүп калбайбы!** –деп баатыр тогуз толгонуп турат. Мына ушинтип, Манас тили, дили, дини эгиз бир тууган калктардын баш кошкондугуна дайыма умтулуп, алардын тагдыры үчүн да өзүн жоопкер сезет.

Кыскасы, терең үңүлүп байкаса, Айтматовдун адамкерчилик, адамды сактоо деп күйүп бышкан гуманизминин, жалпы адамзааданын кызыкчылыгын ойлогон айкөлдүгүнүн, планетачыл жамаатчылдыгынын тамыры түпкүлүгүндө “Манастан”, элдик руханияттын тереңинен чубалып чыгарын байкоо кыйын эмес. Ч.Айтматовдун адамзаттын ырын ырдап, камчысын чаап калгандыгы бекер жерден эмес экен.

Ал Борбордук Азиянын элдерине “биз түрк атанын балдарыбыз” деп дайыма кайрылып, аларды жалпы адамзаттын кол кармашкан биримдигинин тутумунда достук ынтымакта жашоого үндөп, түрк калктары үчүн билингвизмдин зарылдыгын тастыктап, а түгүл орток түрк тилин түзүү идеясын да жактап чыккан. Кайран киши, табиятынан эл аралык мамилелердин чабарманы болуп жаралган киши эле. Ал өзүн Орто Азия

Республикалары үчүн орток инсанмын деп эсептеген. Казак, Өзбек, Түркмөндүн, Каракалпактын көйгөйлөрүн өзүнүн көйгөйү катары санап, учуру келгенде өзүнүн айтар сөзүн айтып турган. А. Темиралиевдин "Чыңгыз Айтматов жана мугалимдер" деген китебинде мындай баяндалат:

- "СССР Жогорку Советинде депутат элем, - дейт Чыңгыз Төрөкулович.

- Ошол мезгилде Иванов, Гдлян деген тергөөчүлөр, "Узбекское дело" деп улам эле кайталап сүйлөп жатышты. Мен чыгып сүйлөйүн деп анан кайра ойлонуп "Правда" газетасына макала жаздым, - дейт.

- Это не "Узбекское дело" а "хлопковое уголовное дело" деп жаздым дейт.

"16 миллион өзбектердин баары кылмышкерби, күнөөлүүбү? Бул кылмыш ишине Москвадагы чиновниктер да күнөөлүү деп макалам басылып чыкты, - дейт.

1993-жылы мен размий делегат болуп Өзбекстандын Жизак облусуна барып калдым. Чыңгыз Төрөкуловичтин "Правда" газетасына басылып чыккан макаласы Өзбекстандын президенти Ислам Каримовдун буйругу менен ошол облустун ар бир үйүндө илинит турат экен. Анткени ошол макаладан кийин канча деген өзбек интеллигенциясынын өкүлдөрү, жогорку кызматта иштегендер кылмыш иштери кыскартылып, сурактан бошотулган деп айтышты"[ 4,72-бет)]. Өзбектер Чыңгыз Айтматовду "биздин жаңы Алишер Навоибиз" дешип, чыгармаларын сүйүп окушат. Түрк биримдиги жөнүндө сөз болгндо Чыңгыз Айтматовдун ысымына удаа казак элинин чыгаан уулу Олжас Сулайманов да эске түшөт. Олжас Сулаймановдун түрк тилдеринин түпкү тек жайын изилдеген "Аз и Я" аттуу атактуу китеби дүйнөгө белгилүү. Ал түрк калктарынын биримдигинин идеологиясын жайылткандардын бири. О. Сулаймановдун "Бардык түрк тилдүү элдер улуу түрк этносунун, улуу түрк дүйнөсүнүн диаспоралары болуп саналат" деген патриоттук сөзү Ч. Айтматовдун "биз түрк атанын балдарыбыз" деген сөзү менен үндөшүп турат.

Төгөрөктүн төрт бурчун Ала-Тоонун бүркүтүндөй айланып учуп, жалпы планетанын көйгөйлөрүн "шаңшып" жар салып, адамзаттын Асан Кайгысына айланган Ч.Айтматовдун феномени Борбордук Азиянын мейкининен көрүнгөн уникалдуу кубулуш. Ч.Айтматовдун дүйнөдөн кетиши улуттук масштабдагы гана эмес, планетардык масштабдагы жоготуу болгондугун бүгүн түшүнүп отурабыз.

Бирок Ч.Айтматов космополитизмдин негативдүү түрү бар экендигин да жакшы билет. Бул "жалпы адамзат" деп ураан көтөргөн, бирок өзүнүн улуттук кыртышын, коломтосун, тарыхый тамырын таанытбаган, өз ата журтунун тилине, баалуулуктарына нигилисттик кылган элбезердин кебетеси. Ч.Айтматов ушул өңдүү космополитизмге түп тамырынан каршы.

Ч. Айтматов "Кылым карытаар бир күн" романында жоо тарабынан маңкуртка айландырылган Жоломан аттуу туткун жигиттин өзүн алыстан издеп келген энесин таанибай, апасын жаа менен атып өлтүргөн трагедияны көрсөткөн. Жүрөктү титиреткен Жоломандын образы аркылуу Ч.Айтматов тарыхый эстутумдан ажыраган маңкуртчулуктун коом үчүн, улут үчүн өтө коркунучтуу социалдык илдет экенин демонстрациялаган. Ошону менен бирге жазуучубуз өз уулунун колунан өлгөн Найман эненин ак жоолугу чымчыкка айланып "сенин атаң **Дөнөнбай, Дөнөнбай, Дөнөнбай!**"деп сайрап калгандыгын көрсөтүп, мындай көркөм силволика аркылуу тоталитаризм доорундагы биздин тарыхый акыл - эсибизди,ар намысыбызды магдыроодон ойготууга аракет жасаган. Кеменгер Айтматов манкуртчулук илдеттин улуттук алкактан чыгып, дүйнөнү кучагына ала баштаганын да көрүп турган. Чынында эле, жер үстүн ядролук бомбаларга толтурган, планетанын

ресурстарын талап - тоноп, атмосфераны уулап,экологиялык кияматты жаратып, адамзат өзүнүн жер-энесине ок аткан “Жоломанга”- Маңкуртка окшошуп бараткандыгына жаны кейиген. Ч.Айтматов мындай тенденцияга каршы “Кыямат” романында айласы түгөнүп, көз жаш төгүп, айды карап улуп турган Акбаранын көз жашы аркылуу өзүнүн кескин протестин жарыялаган деп айтсак болот. Жазуучунун маңкуртчулукка каршы күрөш идеясы бүгүн да актуалдуу бойдон калууда.

Туура, Ч.Айтматов жалпы адамзатчыл, планетачыл. Ошону менен бирге Айтматов өтө бир улутман жана мекенчил инсан. Буга анын бир эле “Биз канткен күндө да, өзүбүздүн тарыхый, маданий уңгубуздан, улуттук наркыбыздан танбашыбыз керек. Тил жөнүндөгү сөз эң оболу улут жөнүндөгү сөз дегендик. Кайсы улут болбосун анын түбөлүктүүлүгү тилинде. **Чынымды айтайын, улуттук тилибиз үчүн башымды сайып коюуга деле кайыл элем”** деген сөздөрү күбө өтүп турат. Жазуучунун мекенчилдиги сөзү менен гана эмес, улуттук тил, улуттук маданият үчүн жүргүзгөн реалдуу күрөшү менен да далилденген. “Коммунисттик системанын тушунда, авторитардык режим өкүм сүрүп турганда эне тилибиздин проблемасын алгачкылардан болуп көтөрүп чыккамын. Анда, тил тууралуу сөз кылуу улутчулдук катары бааланган. Мага а кезде айрым басылмалар “улутчул” деген жарлыкты илип, улуттук тилди сактап калуу тууралуу ойлорумду “штыкка” алышканын баары билет. Бирок улуттук тил маселесин мен жазуучу катары көтөрүп чыкпасам, анда ким көтөрүп чыкмак?!” – деп жазган жазуучу, баштан өткөн тарыхка кайрылып. Ушул жерден баса айтып койчу нерсе, Ч.Айтматовдун терең түшүнүгүндө, адам баласынын бирдиктүүлүгү идеясы улуттук маданияттардын бир “көгөнгө” тизилген унификациясы дегенди билдирбейт. Жазуучунун тутунган көз карашы боюнча ар бир тил, ар бир улуттук маданият жалпы адамзат казынасынын уникалдуу табылгасы. Ал жоголсо, экинчи кайталанбайт. Табиятта **биоартүрдүүлүк** деген бар го. Ошол биоартүрдүүлүктү жаратылыштын мыйзамченеми деп кабыл алгандай эле, адамзат коомундагы **социомаданий ар түрдүүлүктү** да ошондой эле табигый нерсе катары кабылдашыбыз керек. **«Адам дүйнөсүнүн кызыктыгы анын полифониясында, ар түрдүүлүгүндө, - деп жазат Ч.Айтматов, - дүйнөнүн өзү көп кырдуулугу менен кызык. Бир маданияттын гегемониясы эч качан дүйнөлүк гармонияны сактап кала албайт. Качан гана дүйнө көп ырааттуу өнүксө ал өнүгөт»** [1, 194-бет]. Демек, адам баласынын бирдиктүүлүгү деген нерсе, жазуучунун оюу боюнча, ошол социомаданий ар түрдүүлүктүн, полифониялуулуктун ортосундагы ынтымак-ызааттащуу, кызматташуу, өз ара шайкеш жашоо дегенди билдирет.

Ч.Айтматовдун даанышмандыгы – жекелик менен жалпылыктын,бүтүмдүк менен бөлүкчөнүн, улуттук менен жалпы адамзаттыктын, тууган жер менен планетанын биздин аң сезимде өз ара айкашышы жана гармониясы жөнүндөгү концепциясында жатат. Суроо туулат. Жер үстүндөгү өнүгүүнүн азыркы тарыхый деңгээлинде Ч.Айтматовдун мындай концепциясы ишке ашышы мүмкүнбү? Жалпы дүйнөлүк гармония мүмкүнбү? Албетте, бул узакка созулчу иш. Чыңгыз – диалектик бул үчүн кербен жолундай мезгилден мезгилге чубалган эволюциянын зарыл экенин туюп турат. Бирок ошол эволюциянын адамзат эңсеген, көздөгөн улуу биримдик стратегиясынын нугунда өнүгүшү үчүн дүйнөлүк алдыңкы акыл-эс тынымсыз иштеши керек. Гармония мүмкүн. Буга адамзаттын алдыңкы интеллектуалдык авангардынын Ысык-Көл форумундагы өз ара кол кармашкан тилектештиги күбө өтүп турат. Адамзаттын алдыңкы акыл-эсинин Ысык-Көлдө бириккен планетардык өрнөгү акырындап үгүттөлүп-жайылып отуруп, жер жүзүндөгү массалык аң сезимди да кучагына алчу учур келээр. Келечекте ушундай доордун келерине Ч. Айтматов ичинен ишенген дегибиз келет.

Жазуучунун «Кылым карытар бир күн» романындагы «Токой-Төш» планетасы жөнүндөгү кыялый сюжетти эске түшүрөлү. Согуш деген эмне экендигин, диндик, расалык ажырым дегенди билбеген, акыл-эси, илим-билими, маданияты жогорку даражада өнүккөн бөлөк планеталыктардын Токой-Төш жылдызындагы «кой үстүнө торгой жумурткалаган» турмушу - жер планетасында да адамзаттын болочок дүйнөлүк гармониясы мүмкүн экендиги жөнүндөгү Ч.Айтматовдун футурологиялык, образдык-символикалык ишендирүүсү сыяктуу. Дал ушундай алыскы болочокту сезип – туйган көрөгөч – көсөмдүгүнөн улам кыргыз уулу Чыңгыз планетаны бириктирүү үчүн азыртан иш жүргүзүүнүн зарыл экендигине ынанып, интернационалдык иш-аракетке өткөн дегибиз бар. Анын жогорудагы «адам баласынын бирдиктүүлүгү баарысынан өйдө. Мен ушул багытты көздөгөн кишимин» деп айтканы бекер жерден чыкбаптыр.

**“Жүрөгүндө сүйүү бар адам бардык нерсени түшүнөт. Ага бүткүл дүйнө, бүткүл аалам кымбат”** деп ой жүгүртөт Ч.Айтматов.Чынында эле, бир нерсени түшүнгүң келсе, ага сүйүү жардам берет. Сүймөйүнчө аны жакшы түшүнө албайсың. Сүйүү десе **“жалгыз бирөөнө арналган сүйүү эмес- дейт Айтматов, кандайдыр андан да зор, андан да алп турмуш жашоонун өзүнө, жан берип, жан жараткан ааламдай жерге, жарык дүйнөгө болгон өлчөмү жок чоң сүйүү”**. Ал дүйнөнү, ата журтту жана адамзатты бир бүтүн нерсе катары көрүп, чын пейилинен сүйгөн. Ошон үчүн ал планетанын көйгөйлөрүн ойлонгон Асан Кайгыга айланган. А түгүл ал карышкырды да сүйгөн.Айды карап улуп, көз жашын төккөн Акбара менен  кошо ыйлаган. Ал дүйнөнүн сүйүү аркылуу биригерине, дүйнөлүк гармониянын сүйүү аркылуу келээрине ишенген. Адамзатты келечекте сүйүү, сулуулук, руханий аруулук сактап калаарына ички ынанымы күч болгон. Ал чыгармалары менен жер жүзүндөгү бардык адамдарды сүйө билүүгө чакырат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Айтматов Ч., Күн сайын адам болуу [Текст] - Бишкек, 2018, 194-бет.
2. Акматалиев А. Мезгил менен кадамдашып [Текст] –Бишкек, 2020, 71-бет.
3. Илипаева Г. Ж. Филсофия кризис жана кино искусство // [Текст] И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2022. №3. 111б.
4. Темиралиев. А.  Чыңгыз Айтматов жана мугалимдер. [Текст] -Бишкек,1991,72-бет


**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доцент Абдалиева Г. К.**